УДК:947(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-642-649

**Элеманова Р.Т.**
изденүүчү
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
rimmaelemanova@mail.ru

## ЧҮЙ ОБЛУСУНУН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

**Аннотация:** Эгемендүүлүк жылдарында кыргыз элинин өзүнүн тарыхын изилдөөгө болгон кызыгуусу абдан жогорулады. Эгемдүүлүккө чыккандан кийин мурдакы советтик өлкөлөрдүн ар бир мамлекети өзүнүн улуттук тарыхын окутууга, изилдөөгө көңүл бурулуп, мурдакы көмүскө ата мекендик тарыхты терең иликтөөгө аракет кылынууда. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын тарыхынын аймактарын иликтеген илимий эмгектер дагы да болсо көп изилдөөлөрдү талап кылат. Кыргызстандын аймагындагы жер соорусунун бири Чүй облусунун бараандуу тарыхы, экономикасынын көп тармактарынын өнүгүү деңгээли боюнча Республикабыздагы эң алдыңкы аймак болуп эсептелет. Облуста айыл чарба, токой чарбачылыгы жана балык өстүрүү чарба ишканалары тууралуу кеп болот. Бул тармактардын аймактагы мааниси жана ресурстарды колдонуу масштабы жөнүндө айтылмакчы. Айыл чарба продукцияларынын өндүрүлүшү жана сатылышы экономика үчүн маанилүү. Андан сырткаары облуста эмгектенген жумушчулардын эмгеги жергиликтүү экономиканын өсүшүнө жана айыл чарба тармагындагы жигердүү кошкон салымы баяндалат. Республиканын башка аймактарына салыштырмалуу бул облустун өзөчө абалда экендиги айтылат. Айыл чарба тармагындагы уникалдуулугуна басым жасалат. Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө, андагы аймактардын түзүлгөндүгү тууралуу фактыларын карап чыгууга арналган макалабызда Кыргыз Республикасындагы Чүй облусунун кыскача тарыхы тууралуу төмөндө сөз болмокчу.

**Негизги сөздөр:** тарыхнаама, Ата Мекен тарыхы, Чүй облусу, социалдык, маданий, экономикалык, аймак таануу.

**Элеманова Р.Т.**
соискатель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
rimmaelemanova@mail.ru

## КРАТКОЕ ИСТОРИЯ ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

**Аннотация:** В годы независимости значительно возрос интерес изучение кыргызского народа к своей истории. После обретение независимоти каждые постсоветские страны обратили внимание на исследование своей национальные истоии, прилогаются усилия по глубокому исследованию ранее скрытой отечественной истории. В свзи с этим научные работы, исследовавшие регионы истории Кыргызстана, по прежднему требуют большого количества исследований. Чуйская область один из крупнейших регилнов Кыргызстана, считается самым передовым регионом республики по своей многовековой истории и уровню развития многих отраслей экономики. Если сравнить область с другими регионами республики также соспоставлены количество лесохозяйственных и рыболевецких

предприятий сельскохозяйственных субъектов области, объемы валового производства сельскозяйственной и охотничьей продукции, продукции сельскозяйственной продукции, ее реализация и численность работающих в сельском хозяйстве, находится почти в уникальном состоянии. В нашей статье, посвященной изучению истории Кыргызстана, фактам создание в нем регионов, краткой истории Чуйской области в Кыргызской Республики будет расмотрена ниже.

**Ключевые слова:** историография, история Кыргызской Республики, социальные, культурные, экономические, региональные исследования.

**Elemanova R.T.**
aspirant
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
rimmaelemanova@mail.ru

## SHORT HISTORY OF THE CHUI REGION

**Abstract:** During the years of independence, interest in the study of the Kyrgyz people in their history has increased significantly. After gaining independence, each post-Soviet country paid attention to the study of its national history, and efforts are being made to deeply study the previously hidden national history. In this regard, scientific word that have explored the regions of history of Kyrgyzstan still require a large amount of research. Chui region is one of the largest regions of Kyrgyzstan, considered the most advanced region of the republic in terms of its centuries-old history and the level of development of many sectors of the economy. If we compare the region which other regions of the republic, the number of forestry and fishing enterprises of agricultural subjects of the region, the volume of gross production of agricultural and hunting products, agricultural products, their sales and the number of workers agricultural are also compared, it is almost in a unique state. In our article devoted to the study of the history Kyrgyzstan, the facts of the creation of regions in it, a brief history of the Chui region in the Kyrgyz republic will be discussed below.

**Keywords:** historiography, history of the Kyrgyz Republic, social, cultural, economic, regional studies.

Быйыл, 2024-жылы Кара-Кыргыз автоном облусунун уюшулганына 100 жыл болду. Ал мезгил менен бирге Чүй облусунун уюшулгандыгы тууралуу тарыхы да үзөнгүлөш. Көпчүлүк кыргызстандыктар Чүй облусунун туулган күнүн 1991-жылы уюшулгана деп эсептешет. Бирок, бул дата андан да илгери болуп саналат. Архивдик маалыматтар менен таанышып чыкканыбызда, Чүй облусу Кыргызстандын картасында биринчи жолу 1926-жылы белгиленгени маалым. Албетте ал кездеги аталышы кантон деген ат менен тарых барактарында калган. Чүйдүн аймагы, 1917-жылдан кийин Түркестан АССРинин Семиреченск облусунун Пишпек уездинин курамына кирип, борбору Пишпек шаары болгон. Андан соң 1925-жылдан тартып Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлүшү менен Пишпек уезди жана Ауле-Ата деген эки округдан турган, ушундай аталыш менен округ болуп өзгөртүлгөн [2, 264-б.].

Ал эми географиялык жактан жайгашканы Чүй облусу Кыргыз Республикасынын түндүк бөлүгүнөн орун алып, түндүк жана батыш тарабынан Казакстан Республикасы, түштүк-батыш тарабынан Талас жана Жалал-Абад, түштүктөн Нарын, түштүк-чыгыш

тарабынан Ысык-Көл облустары менен чектешет. Облустун жалпы аянты 20,2 чарчы км$^2$ түзөт. Облустун жалпы жашоочуларынын саны 2016-жылдын 1-январына карата 887 477 адам болгон [11].

XX кылымдын 1926-жылы, 6-декабрында Жалпы Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин Президиумунун “Кыргыз автономиялуу областынын административдик бөлүктөрү тууралуу” Токтому менен Чүй кантонунун борбору Фрунзе шаары, Калинин (борбору-Кара-Балта айылы), Аламүдүн (борбору-Конек айылы), Чүй (борбору Чым-Коргон айылы) кожолуктары бекитилген.

Ал эми 1939-жылдын 21-ноябрында СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы менен Чүй облусу Фрунзе облусу болуп кайрадан түзүлүп, 1959-жылы жоюлуп кетет. 1990-жылы кайра учурдагы аталышы менен калыбына келтирилген [10]. Ошол күндөн тарта “Чүй” аталышы өзгөрүлбөстөн Чүй облусу катары Кыргыз Республикасынын административдик аймагы катары тарыхта уланып, социалдык-экономикалык абалы өсүп-өнүп өлкөбүздүн маанилүү аймактарына айланды.

Азыркы мезгиле Чүй облусунун курамында 8 (сегиз) административдик район алар: Аламүдун, Жайыл, Кемин, Москва, Панфилов, Сокулук, Чүй, Ысык-Ата, 1 (бир) облусттук шаар – Токмок шаар жана 6 (алты) райондук шаарчалар: Кемин, Орловка, Кант, Шопоков, Кара-Балта, Кайыңды жана 105 (жүз беш) айыл аймактары 327 (үч жүз жыйырма жети) айылы менен кирет.

Чүй облусу деңиз деңгээлинен 550 метрден (Чүй өрөөнүнүн Камышановка айылынын түндүк тарабы) 4895 метрге (Кыргыз Ала-Тоосунун Аламүдүн чокусу) чейинки бийиктикте жайгашкан. Облустан чыккан кен байлыктардан алтын (Талды-Булак, Далпран, Каматор), темир, титан, хром, никель, коло, цинк (Ак-Түз) өндүрүлөт. Ошондой эле кум, шагыл, туз, гранит, мергель, тальк, гранит-сиенит, акиташ, мрамор, кварцит өндүрүлөт.

Кийин, 1928-жылы республиканын административдик бөлүнүшүндө өзгөрүүлөр болуп, кантондор жоюлуп, Чүй жана Фрунзенин ордуна Чуйский (чыгыш) атту аймак түзүлөт. Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетине түздөн-түз баш ийген Аламүдүн (борбордук) жана Калинин (батыш) райондору түзүлүп, 1930-жылы Сталин (азыркы Москва) району түзүлгөн [4, 116-б.].

Ал эми 1939-жылы 21-ноябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин жарлыгы менен Фрунзе областы түзүлүп, анын курамына Чүй, Талас өрөөндөрү жана Рыбачье (азыркы Балыкчы) шаары кирген. Райондун борбору Фрунзе шаары болуп калды. Райондун аянты 25 миң 993 км чарчы метрди түзүп, бул жерде 481 миң 662 адам жашаган. Облустун курамына Фрунзе, Токмак шаарлары кирген жана Кара-Балта, Балыкчы, Кант, Ак-Тюз, Биринчи Май, Красно-Октябрь жана селолук райондор - Киров кирген. Ленинпольский, Таласский, Буденновский, Калининский, Сталинский, Качановиский, (азыркы Сокулук), Ворошиловский (азыркы Аламүдүн), Кантский, Чуйский, Кеминский, Рыбачинский кирген [12, 214-б.].

1944-жылы дүйнөлүк экинчи согушка карбастан административдик өзгөрүүлөр да жүрүп Фрунзе областынын составында Кызыл-Аскер, Петровский, Панфиловский, Ивановский жана Быстровский деген жаңы райондор пайда болгон. Ал эми 22-июлда Фрунзе жана Жалал-Абад облустарынын бөлүнүшүнө байланыштуу Талас облусу түзүлүп, ага Фрунзе областынан Буденновский которулган. Кировский, Петровский жана Талас райондору 1952-жылы июль айында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун чечими менен Суусамыр өрөөнү Фрунзе районунун курамына киргизилген. 1930 жылдан кийин кайра Нарын облусуна Жумгал

району кайтарылып, натыйжасында 14 жылдан кийин 1996-жылы Суусамыр өрөөнү Чүй облусунун Жайыл районуна кайтарылган [7, 155-159 бб.].

Андан соң 1959-жылы Фрунзе областы жоюлуп, облустун бардык райондору жана шаарлары республикалык баш ийүүгө өткөн. Ал эми 1990-жылдын 14-декабрында гана республиканын Жогорку Совети Чүй облусун түзүү жөнүндө Токтом кабыл алып, анын курамына Аламүдүн, Ысык-Ата, Калинин, Кант, Москва, Панфилов, Сокулук, Кемин жана Чүй райондору кирген. Ошондой эле борбору Фрунзе шаары менен бирге Кара-Балта жана Токмок шаарлары Чүй облусунун карамагында калган [8].

Чүй облусунун түзүлүшү жана аталышынын тарыхый эволюциясын кыскача баяндаганда Фрунзе аталышындагы облус 1936-жылдын 21-ноябрында уюшулган. Бул дата аймактын алгачкы жолу маанилүү окуя катары кабылдган. Ал эми 1959-жылдан баштап "Чүй облусу" деп озгөртүлүп, ошол күндөн азыркыгы чейин Чүй деген аталыш туруктуу уланып келе жаткандыгын баса белгилейбиз [6, 155-б.].

1991-жылы февраль айында Кыргызстан Компартиясынын Чүй обкому түзүлүп, алты айга гана созулган, андан кийин башкаруу функциялары эл депутаттарынын райондук жана шаардык Советтерине өткөрүлүп берилген. Партиянын райкомдорунун мурдагы биринчи секретарлары райондук жана шаардык Советтердин председатели болуп иштеген. Жаңы кайрадан уюшулган облусту түзүүгө байланышкан бардык маселелерди чечүү үчүн уюштуруу комитети түзүлдү. Аны тажрыйбалуу жетекчи, Министрлер кеңешинин мурдагы төрагасы Апас Жумагулов жетектеген. Анын биринчи орун басары Б. Силаев, экономика жана капиталдык курулуш боюнча орун басары С. Аблесов, социалдык-маданий өнүктүрүү боюнча Ж. Түмөнбаева, экономикалык реформа боюнча М. Асеинов, агрардык саясат боюнча А. Гурин иштешкен [9].

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Чүй облусунун социалдык-экономикалык абалын өнүктүрүү зарылдыгы келип чыккан. Бул муктаждык эгемендүүлүктү кабыл алгандан кийин пайда болуп, өлкөдө жаралган социалдык-экономикалык кырдаалдардан келип келип чыккан көйгөй болгон. Ошондой кырдаал болсо да Чүй облусу башка аймактарга караганда Кыргызстандын өнөр жайлуу аймагы деп мүнөздөлгөн. Рынок экономикасына өтүү менен бирге мамлекеттин экономикасындагы ситемалык өзгөрүүнү түшүндүрөт. Бул учурда ишкердик эркиндиги көбөйөт, бирок социалдык жана экономикалык теңсиздик күчөйт. Бул процесс көбүнчө жумушсуздуктун көбөйүнүнө алып келген. Себеби, мамлекеттик пландоо системасынын бузулушу менен жарандар жаңы шарттарга ыңгайлашууга мажбур болушкан. Жумушсуз калктын борборго жана борборго жакын жайгашкан Чүй аймагына көчүү тенденциясы байкалган. Бул экономикалык борборлордо жумуш орундары аз да болсо табууга мүмкүн эле. Мындай көрүнүш ички миграциянын же болбосо шаарларга элдин агылуусун жаратты. Шаарларда жумуш издеп келген калтын агылуусунун күчөшү жумушчу күчүн пайдалануу мүмкүнчүлүкөрү түзүлсө да, бир четинен турак жай, социалдык жактан калты тейлөө жана айлана-чөйрөгө болгон басым күч алган. Рынок экономикасына өтүү процесинде өлкөдө жумушсуздук жана миграциялык өзгөрүүлөрдүн өз ара байланышын көрсөтүү болуп саналат [5, 155-159 бб.].

Аймактарда ишкерлердин жана майда базарлардын болушу экономиканын жаңы шарттарында калкты убактылуу иш менен камсыз кылууга жардам берип жаткандыгын баса белгилейбиз. Бул майда жана чакан бизнес өлкө үчүн экономикалык өзгөрүүлөрдү жеңилдетүү үчүн механизм катары иштейт. Жаңы социалдык топтордун пайда болушу "челнокчулар", "коммерсанттар", "бизнесмендер" рынок экономикасына өтүү шартында ийкемдүүлүктүн

жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануунун мисалдары болуп калган. Калтын бардык катмары базарларда соода кылууга аргасыз болушу экономикалык өнүгүүнүн структуралык көйгөйлөрүн көрсөткөн. Мындай көрүнүш иш орундарынын жетишсиздигинен жана өнөр жай ишканаларынын кризистик абалынан келип чыккан. Ишке жарамдуу адамдардын “ишсиз” жүрүшү кечиримсиз болгон, бул социалдык теңсиздикти жана экономикалык саясаттагы кемчиликтерди ачып көрсөтөт. Калктын мындай туруксуз иш менен камсыздалышы туруктуу өнүгүүгө өбөлгө болбой тургандыгын айгинелейт жана рынок шарттарына ылайыкташуу мезгилиндеги социалдык-экономикалык кыйынчылыктарды көрсөтөт.

Совет мезгилинде иштеп келген мамлекеттик завод-фабрикалардын менчиктештирилип, акырында жок болуу коркунучунда кабылды. Экономикалык кризистин таасиринен улам, өлкөнү кайра куруу процессин “башынан баштоо” зарылдыгы пайда болду. Административдик-командалык экономиканы рынок экономикасына өтүү менен бирге коомдо жеке менчик инситуту бекемделгенин билебиз.

Майда жана чакан базарлар, менчик ишканалардын кризистен чыгууда ролу абдан эле чоң болгон. Экономикалык кыйроонун терс кесепеттерин азайтууга шарт түзүп жумуш орундарын пайда кылууга жардам берген. Мындай көрүнүш экономикалык туруксуздук шартында калктын кээ бир муктаждыктарын камсыздап, социалдык чыңалууну азайтуучу фактор катары иштеген. Убактылуу болсо да чакан ишканалар жумуш орундарын түзүүгө көмөк көрсөтүп калктын экономикалык активдүүлүгүн сактоого өбөлгө болгон. Өлкөнүн 1990-жылдардагы рынок экономикасына өтүү мезгилиндеги татаал процесстерди жана анын кесепеттерин мүнөздөгөн өткөөл мезгилде экономикалык системаны калыптандыруудагы кыйынчылыктар жана жаңы механизимди иштеп чыгуунун зарылдыгы турду [3, 5-б.].

Чүй облусунун экономикалык структурасы жана анын тармактык өзгөчөлүктөрү болуп, өнөр жайлары, чакан жана орто ишканалар негизги тармактар катары белгиленет. Ал жагдай аймактын экономикасынын ар тараптуу өнүгүүсүн шарттайт. Бул тармактар ички жана сырткы рыноктор үчүн продукция өндүрүүдө маанилүү. Электр энергиясын өндүрүү, газ менен камсыздоо, буу жана кондицияланган абаны жеткиликтүү иштеп чыгуу, ошондой эле таза суу менен камсыз кылуу, тазалоо жана калдыктарды кайра иштетүү аймактагы инфраструктуранын жана турмуштук камсыздоонун маанилүү бөлүгү катары корсөтүлөт.

Чүй облусунда минералдык жана чийки заттарды чыгарууда өлкөдө чоң роль ойнойт. Алардын ичинен табыйгый кум, гранулдар, гранит, кумташ, алтындуу концентраттар сыяктуу минералдык ресурстар бар. Бул ресурстарды иштетүү аймактын өнүгүүсүнө гаа эмес, өлкөнүн экономикасына да олуттуу салым кошот. Чийки затты өндүрүү жана иштетүү ишканалары өлкөнүн экономикалык туруктуулугун жана экспорттук потенциалын бекемдөөчү негизги фактор болуп саналат. Өнөр жай менен кен казуу тармактарынын айкалышы аймактын экономикасынын комплексин калыптандырып, жергиликтүү жумуш орундарын түзүүгө жана экономикалык активдүүлүктү жогорулатууга шарт түзөт. Алтын жана башка минералдык заттарды казуу, өнөр жайларды жана ресурстарды иштетүүчү ишканалардын өнүгүшү транспорттук жана энергетикалык инфраструктураны талап кылат.

Чүй облусунун экономикасы ар тараптуу тармактарды камтып, анын өнүгүүсү жалпы олкөнүн экономикалык туруктуулугуна жана өсүшүнө маанилүү салым кошот. Аймактын минералдык ресурстары стратегиялык да мааниге ээ экенин белгилейбиз.

Чүй облусунда 1564 чакан жана 115 орто ишкана бар. Чакан ишканаларда 10600 ал эми орто ишканаларда 6500 кызматкер иштейт. Облустун жалпы импортунун жалпы көлөмү 823,4 млн. долларды (АКШ), ал эми экспорттун көлөмү 217,9 млн. долларды (АКШ) түзөт. Бул

сандар облустун экономикасынын импортко көбүрөөк коз карнды экенин корсөтүп турат. Экспорттук потенциалдын салыштырмалуу төмөндүгү экспортту өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууну белгилейт. Экспорт менен импорттун ортосундагы айырма (дефицит) региндун соода балансында тартыштык бар экенин айгинелейт.

Чүй облусунун административдик-аймактык бөлүнүшүн карай турган болсок, облуста жалпы үч чоң шаар (Кара-Балта, Токмок, Кант) жана райондук маанидеги алты шаарча бар, бул Чүй облусунун инфраструктуралык жана экономикалык борборлору катары белгиленген аймактар экенин көрсөтөт. Сегиз административдик район жана жүз беш айыл өкмөтү бар. Ал эми жалпы айылдардын саны үч жүз жыйырма жети, облустун айыл чарба жана жергиликтүү экономиканын негизги элементтери экенин корөбүз. Облустун жалпы аянты 20,2 миң $км^2$ түзөт. Бул аймактын жер ресурстарынын кеңдигинен кабар берет жана патенциалын корсөтүп турат [4, 116-б.]. Облустун туруктуу калкынын саны 959,8 миң адам. Кыргыз Республикасынын калкынын 10%ын түзөт. Бул көрсөткүч облустун өлкөдөгү маанилүү социалдык-экономикалык ролун көрсөтөт. Ошентип, Чүй облусунун административдик-аймактык жактан ммнилүү аймак экенине ыманабыз.

Чүй облусунда этникалык ар түрдүү улуттун өкүлдөрү жашайт. Мында негизги этностордун үлүштөрү көрсөтүлдү. Алар, кыргыздар (46,3%), орустар (29,6%), дуңгандар (6,2%), казактар, украиндер, өзбектер, уйгурлар жана немисттер сыяктуу этностор жашайт [6]. Аймактын көп улуттулугу маданий байлыгын көрсөтөт. Ошол эле учурда этностор аралык мамилелер жөнгө салынганынан кабар берет. Көп улуттар арасындагы ынтымак албетте, ар бир өлкөдө абдан маанилүү маселе экенин билебиз. Этникалык ар түрдүүлүк аймактын өзгөчөлүгү болгону менен бул ынтымакты жана стабилдүүлүктү сактоо үчүн социалдык саясаттын жакшы иштелип чыгуусун талап кылат.

Эгемендүү Кыргызстандын Чүй облусун изилдөөлөр анын социалдык-экономикалык жана маданий, тарыхы боюнча иликтөөлөр дагы деле көптөгөн изилдөөлөрдү талап кылат. Себеби дегенде, бул кыскача макала менен чекит коюууга болбойт. Эгемендүүлүк мезгилин тыкыр иликтөө үчүн салыштыруу максатында аймактын совет мезгилиндеги Кыргызстандын өнөр жайынын өнүгүүсүнүн кыскача тарыхына кайрылууну зарыл деп эсептедик. Эки мезгилдин өнүгүү динамикасын түшүнүү үчүн өткөн мезгилдеги тажрыйбаларды жана ресурстарды анализдөө зарыл болду. Советтик доордогу өндүрүш жана инфратүзүм түзүлгөн негизи катары каралат. Эгемендүүлүк мезгилине жеткенден кийин өндүрүштү калктын реалдуу муктаждыктарына ылайыкташтыруу зарылчылыгы пайда болгон. Аймактын социалдык-экономикалык абалын жана анын тарыхый байланыштарын жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

Өлкөнүн экономикасынын негизинин бирин түзгөн жеңил өнөр жайлары совет мезгилинде системалуу түрдө өнүккөн, ал эми азыркы эгемендүүлүк мезгилинде кайра калыбына келтирүү мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле объективдүү жана субъективдүү шарттарды анализдөө зарылдыгын баса белгилейбиз. Башкача айтканда, пайдалуу сабак болуп калмакчы. Өткөн мезгилде түзүлгөн өндүрүштүн күчтүү жана алсыз жактарын изилдөө учурдагы шарттарга туура келүүчү стратегияларды иштеп чыгууга шарт түзөт. Совет мезгилинде курулган инфраструктуралык базаны колдонуу менен кээ бир ишканаларды кайра калыбына келтирүүгө мүмкүн экендигин белгилейбиз. Айрым тармактарга жаңы технологияларды колдонуп өнөр жайдын прогрессивдүү өнүгүүсүн камсыздоо мүмкүнчүлүктөрү бар. Эгер андай иш-чаралар өткөрүлсө, албетте калкты жумуш орундары менен камсыз кылуу менен бирге экономикалык активдүүлүктү күчөтөт эле.

Чийки заттардын жана эмгек ресурстарынын жеткиликтүүлүгүн анализдөө аймактык өгөчөлүктөрдү эске алуу менен натыйжалуу стратегияларды иштеп чыгуу замандын талабы. Мамлекет менен жеке сектордун ортосундагы кызматташтыгын чыңдоо болуп саналат.

Экономикалык өнүгүү жана өнөр жайы өлкөнүн экономикасына кошкон салымы озгөчө мааниге ээ. Экономикасынын негизги багыты айыл чарба ресурстарынын өнөр жайды өнүктүрүүгө жардам берет. Айыл чарба өндүрүшүнүн таасири өндүрүштүк чөйрөгө чоң таасирин тийгизет. Ал эми ресурстук базанын маанисин белгилесек болот. Чынында айыл чарба ресурстарынын өнөр жайга кошкон салымы баа жеткис. Табыйгый жана материалдык ресурстар, өнөр жайды өнүктүрүүгө жакшы шарт түзүлгөн. Кыргызстандын экономикасындагы өнөр жай тармагынын маанилүү экендигин жана анын өнүгүшүнө айыл чарба ресурстарынын жетиштүүлүгүнүн таасирин түшүндүрөт. Андан сырткаары, өнөр жайдын өнүгүшү үчүн калыптанган шарттар туурасында айтууга болот.

Өкмөттүн милдеттери – калкка керектүү продукцияларды камсыздоодо, өкмөттүн калк үчүн маанилүү керектөө буюмдарын өндүрүү жана камсыздоо багытындагы жоопкерчиликти айтууга болот. Бул маселени чечүү үчүн калктын муктаждыктарынын негизинде өндүрүштү жөнгө салуу зарылчылыгы көтөрүлөт. Жеңил өнөр жайы керектүү буюмдарды чыгаруу жана камсыздоо иши менен түздөн-түз байланышта. Демек, өнөр жай калкты керектүү товарлар менен камсыздоо негизги ролду ойнойт. Анын абалды экономикалык туруктуулукка жана социалдык өнүгүүгө таасирин тийгизет. Калкка шашылыш керектөө буюмдарды чыгаруу керектиги маанилүү. Бул калктын жашоо турмуш-тиричилигинин негизги муктаждыктарын тез арада канаатандырууга багытталган өндүрүшкө көңүл буруу зарылдыгы да турат. Башкача айтканда, жеңил өнөр жайы калктын керектүү буюмдары менен камсыздоо маселесине түздөн-түз таасирин тийгизээрин баса белгилейбиз.

Чүй облусунун өнөр жай маселесин алдыга жылдыруу багытында тиешелүү кадрлардын, адистердин болушу абдан маанилүү роль ойнойт. Андай адисттер мурда совет мезгилинде дыкаттык менен даярдалып турган. Кыргызстандын өнөр жай тармагында жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо үчүн шарттардын бар экендиги жана алардын жеңил өнөр жай тармагынын өнүгүшүнө кошкон салымы жогору болоорун баса белгилемекчибиз. Кыргызстандын өнөр жайынын калыбына келиши үчүн мыкты адистердин даярдалуусу зарыл. Жеңил өнөр жайынын ийкемдүүлүгү, адистердин даярдыгы жана советтик мезгилдеги адистерди алмаштыруу замандын талабы. Ошондой эле азыркы учурда, өнөр жайды өнүктүрүү үчүн жаңы ыкмаларды жана адистик билимди колдонуу маанилүү экендигин баса белгилейбиз.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**


1. Айдаркул К. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. – Б., 2002.
2. Асанканов А.А., Осмонов А.Дж. История Кыргызстана: с древнейших времен до наших дней. – Бишкек, 2002.
3. Кыргызстан: Энциклопедия. – Бишкек, 2001.
4. Осмонов, Ө.Ж. Кыргызстандын айыл чарбасы жана айыл-кыштактардын социалдык турмушу [Текст] / Ө.Ж. Осмонов. – Бишкек. 1994. – 288 б.
5. Рыспаева Н.С. Качественная и количественная оценка комерческой деятельности региона в рамках ЕАЭС // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №9, 2016. – С.116-121.

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. [Электрондук ресурс] 2017-2021-жж. – Бишкек. 2022. Режим доступа: https://stat.kg/ - Загл. с экрана. (дата обращение 30.05.2024)
7. Шаршенова Г.А. Социальное предпринимательство как один из путей снижения уровня безработицы в КР // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №9, 2016. – С.155-159.
8. Мектепке жана бала бакчага балдарды кабыл алуу боюнча маалыматтык тутум. [Электрондук ресурс] Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин порталы. Режим доступа:https://mektep.edu.gov.kg/statistics - Загл. с экрана. (дата обращение 31.05.2024)
9. Национальный статистический комитет. [Электрондук ресурс] 2019-2024-жж. – Бишкек. 2022. Режим доступа: https://stat.kg/ru/statistika-chujskoj-oblasti/ - Загл. с экрана. (кайрылуу датасы 03.06.2024)
10. Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын официалдуу сайты. [Электрондук ресурс]. Режим доступа: https://chui.gov.kg/documents/turizm/ - Загл. с экрана. (кайрылуу датасы 03.06.2024)
11. Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу туризм департаменти [Электрондук ресурс]. Discover Kyrgyzstan сайты. Режим доступа: https://www.discoverkyrgyzstan.org/ky/region/chui - Загл. с экрана. (кайрылуу датасы 03.06.2024).
12. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. [Электрондук ресурс] 2017-2021-жж. – Бишкек. 2022. Режим доступа: https://stat.kg/ - Загл. с экрана. (дата обращение 23.11.2024)
13. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 4-том. Башкы редактору Асанов Ү.А. К. – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2012. – 264 б.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Алыкулова Г.К.**